КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМДИН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

Адистиги: **060112 медициналык массаж**

Квалификация **– массаж боюнча медициналык айым (мырза)**
(көрүүсү начар майыптардын арасынан)

**Бишкек – 2022-ж.**

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 060112 медициналык массаж адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын циклы** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** - белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу жемиштүү иш-аракети үчүн зарыл болгон студенттин окуу-тарбия даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап;
- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасынын модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана штаттагы өз ордун татыктуу ээлөө үчүн кызматкер жооп бериши керек болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн жана ишинин түрүнө карабастан ар кандай уюмдун негизги документи;

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу - укуктук формасына, менчигинин жана ведомстволук таандыктыгынын формаларына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-бөлүм. Колдонуу чөйрөсү

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 060112 медициналык массаж адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына, менчигинин жана ведомстволук таандуулугунун формаларына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп саналат.

4. 060112 медициналык массаж адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүү уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын текшерүүчү билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу аккредитациялык органдар.

## 3-бөлүм. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 060112 медициналык массаж адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формасы - күндүзгү;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 ай

(көрүүсү боюнча майыптардын арасынан).

7. Абитуриент окууга тапшырууда жалпы орто билими жөнүндө аттестаты болуусу керек (же болобосо орто кесиптик же жогорку кесиптик окуу жайдын дипломун);

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

8. Кесиптик орто билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун натыйжалары боюнча айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) орто билим алууда студенттер тарабынан өздөштүрүлгөн (өткөн) айрым практикалар менен окутуунун натыйжаларын башка адистик боюнча толук же жарым-жартылай кайра кредиттөөгө укуктуу.

9. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

10. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 060112 медициналык массаж адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

060112 медициналык массаж адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш-чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна түрткү берүүчү универсалдуу жана предметтик адистешкен компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берүүчү кесиптик орто билим алуу.

11. 060112 медициналык массаж адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрду камтыйт:

- максатка умтулуу, уюштургуч, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик, жарандуулук, тил табыша билүүчүлүк, чыдамкайлык жана алардын жалпы маданиятын жогорулатуу саналат.

12. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат (көрсөтүлөт):

- калк;
- саламаттыкты сактоо мекемелери;

- медициналык жабдуулар.

13. Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик ишинин түрлөрү улуттук квалификациялык базага жана кесиптик стандартка (эгерде бар болсо) ылайык, кызыкдар иш берүүчүлөр менен биргеликте орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан анын билим берүү программасынын мазмунун аныктоого тийиш.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү:

060112 медициналык массаж адистиги боюнча массажисттердин (көрүүсү боюнча майыптардын арасынан) кесиптик ишмердигинин түрлөрү:

- дарылоо-диагностикалык;
- медицина-профилактикалык.

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери.

060112 медициналык массаж адистиги боюнча даярдалган бүтүрүүчү кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик милдеттерди чече билиши керек:

Дарылоо-диагностикалык:

- стационардын жана поликлиниканын шартында ар түрдүү курактагы бейтаптарга дарылоо-диагностикалык жардам берүүгө катышуу;
- стационарда жана үйдө мээрмандык кароону уюштуруу, ишке ашыруу;
- курч оорулар болгондо, кырсык болгондо бейтаптардын абалына баа берүү жана дарыгерге чейинки биринчи жардамды көрсөтүү;
- саламаттык сактоо мекемелеринде санитардык – гигиеналык жана эпидемиологияга каршы режимдерди сактоо;
- массалык жабыркоолордун очогунда эпидемиянын экстремалдуу шарттарында калкка медициналык жардам көрсөтүү;
- маалыматтарды сактоо жана берүүнүн жаңы маалыматтык технологияларын, методдорун, каражаттарын колдонуу;
- бейтапты калыбына келтирүүгө катышуу;
- бейтаптын оорусун жеңилдетүү;
- кесиптештер менен жакшы мамиледе жана кызматташтыкта болуу;
- бейтаптар жана алардын үй-бүлөсү менен жакшы мамиледе болуу, бейтаптын укугун сактоо.

Медициналык-профилактикалык:

- ар түрдүү курактагы калктын ден соолугун чыңдоо жана колдоо боюнча иш чараларды жүргүзүү;
- оорулардын алдын алуу;
- бейтаптын ден соолугу үчүн кооптуу болгон физикалык, психикалык, социалдык, экологиялык, этникалык кооптуу факторду аныктоо жана калкка алардын ден соолукка тийгизген таасирлери тууралуу түшүндүрүү;

- ооруканада коопсуздукту камсыз кылуу;
- бейтапка жана анын үй-бүлөсүнө ар кандай куракта ден соолукту чыңдоону, ден соолукка кам көрүүнү жана саламат жашоо образын билүүнү үйрөтүү.

15. Кесиптик орто билим берүүнүн 060112 медициналык массаж адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даярдалды.

## 4-бөлүм. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына карата жалпы талаптар

16. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен, адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын квалификациянын улуттук алкактары өнөр жайлык/сектордук квалификация алкактары жана кесиптик стандарттар негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык 5 жылда бир жолу маданият, экономика, техника, технология жана социалдык чөйрөнүнүн өнүгүшүнө жараша жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгууга;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүгө;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууга;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууга;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдөн, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү

уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүгө;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоого.

17. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация эки ишти алып барат:

-сабакты өздөштүрүү деңгээлин;

-060112 медициналык массаж орто профессионалдык билим берүү адистиги боюнча негизги профессионалдык билим берүү программасын өздөштүрүүсүнө карата студенттердин компетенциясына баа берүү.

Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы төмөнкү мамлекеттик аттестациялык текшерүүдөн турат:

- өзүнчө дисциплиналар боюнча жыйынтыктоочу экзамен (сынак)

- адистиги боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен (сынак)

Жыйынтыктоочу аттестацияга академиялык карызы жок, окуу планы боюнча каралган, окуу курсун толук бүтүргөн бүтүрүүчүлөр киргизилет.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Корутунду мамлекеттик аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

18. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү

уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

19. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;

- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;

- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп каларын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

21. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

22. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

23. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

24. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан азын түзөт

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модуль) боюнча экзаменге даярдануу үчүн каралган убакыт кирет.

25. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-бөлүм. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

26. 060112 медициналык массаж адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 8 жана 12-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы (мүмкүнчүлүктүн чегинде):**

- өз ишмердигин уюштуруу, кесиптик милдеттерин аткаруунун методдорун жана ыкмаларын тандап алуу, алардын натыйжалуулугуна жана сапатына баа берүү.
- кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана жеке инсандык өсүүнү камсыз кылуу үчүн маалыматтарды издөө, интерпретация кылуу жана колдонуу.
- командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашуу.
- өзүнүн жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, өзгөрүүлөргө көнүү.
- маалыматты кабыл алуу, жалпылоо жана анализ кылууга, максат коюуга жана ага жетүү жолдорун тандай билүүгө жөндөмдүү болуу.
- өзүнүн оозеки жана жазуу речин мамлекеттик жана расмий тилде логикалык жактан туура, аргументтүү жана так түзүүгө жөндөмдүү болуу.
- социалдык баарлашуу деңгээлинде бир чет тилди билүү.
- элдин тарыхый мурастарына жана маданий салттарына аяр мамиле кылууга, социалдык, маданий жана диний айырмачылыктарын сыйлоого жөндөмдүү болуу.
- алган билимдерди саламат жашоо образы үчүн керектүү жаратылышты сактоо жана ресурстарды туура колдонууга жөндөмдүү болуу.
- жамаатта иштей билүү.

**б) кесиптик (КК) (мүмкүнчүлүктүн чегинде):**

**1.Дарылоо-диагностикалык:**

**КК1.1.**Адистин кесиптик ишмердигин жөнгө салуучу нормативдик-укуктук документтерди колдонуу.

**КК1.2.**Иш бөлмөлөрдү, жабдууларды жана аппаратураларды эксплуатациалоодо өрткө каршы коопсуздукту, коопсуздук техникасын, эмгекти коргоо талаптарын сактоо.
**КК1.3.**Саламаттыкты сактоо мекемелеринде бейтаптын жана медицина кызматкеринин инфекциялык коопсуздугун камсыздоо жана инфекциялык көзөмөлдүн талаптарын аткаруу.
**КК1.4.**Калктын, бейтаптын жана курчап турган чөйрөнүн саламаттыгын сактоо жана чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү.
**КК1.5.**Оорулардын түрлөрүнө жараша массаждын жоболорун жана милдеттерин билүү.
**КК1.6.**Дарылоо дене тарбия менен физиотерапиялык процедуралардын шайкештигин билүү.
**КК1.7.**Бейтапка түшүнүктүү маалыматтарды берүү, ага кийлигишүүнүн маанисин түшүндүрүү.
**КК1.8.**Медикаменттик каражаттарды эрежелерге ылайык колдонуу.
**КК1.9.**Дарыгердин жолдомосу боюнча, индивидуалдуу ар бир бейтап үчүн дифференциалдуу массаждын методун өз алдынча тандай билүү.
**КК1.10.**Массажды башка дарылоонун ыкмалары менен шайкештигинин эң жагымдуу туура жолун тандай билүү.
**КК1.11.**Массаждын колдонууга көрсөтмөсүн жана колдонууга каршы көрсөтмөлөрүн билуу.

**2.Медицина-профилактикалык:**

**КК2.12.**Инфекциялык жана инфекциялык эмес оорулардын алдын алуу иштерине катышуу.
**КК2.13.**Классикалык дарылоо жана профилактикалык массаждын бардык түрлөрүн профессионалдуу колдоно билүү.
**КК2.14.**Бейтапка жана анын үй-бүлөсүнө ден соолукту кароо, чыңдоо боюнча үйрөтүү.
**КК2.15.**Билимин жана практикалык жондомдорун дайыма оз алдынча медициналык китептер менен жана квалификацияны жогорулатуу курстары менен өздөштүрүү.
**КК2.16**.Калкка санитардык-гигиеналык тарбия жүргүзүү.

27. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин төмөнкү блокторду жана окутуу циклдерин камтыйт:

1-блок Сабактар (модулдар)
үйрөнүүнү карайт:

1. жалпы гуманитардык цикл;
2. математикалык жана табигый илимдер циклы;
3. кесиптик цикл жана бөлүмдөр:
4. практика;
5. жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация;
6. дене тарбия.

блок 2 "Практика"
3-блок "Акыркы мамлекеттик аттестация"

Орто кесиптик билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги кесиптик билим берүүнүн программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык базага ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүүсүнө жоопкерчиликтүү.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиндердин (модулдардын) жыйындысы жана алардын эмгек сыйымдуулугу орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан блок үчүн белгиленген көлөмдө, анын жыйынтыгына карата талаптарды эске алуу менен өз алдынча аныкталат. Улуттук квалификациялык базада каралган окутуунун натыйжаларынын комплекси түрүндө иштеп чыгуу.

Негизги кесиптик билим берүү программасы тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталуучу жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш. Бул дисциплиналарды ишке ашыруунун мазмуну жана тартиби медициналык массаж адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленет.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы Мамлекеттик билим берүү стандартына тиркелген структурага ылайык түзүлөт.

28. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана тандоо бөлүккө ээ болушу керек. Тандоо бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Тандоо бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50% кем эмес болушу керек.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын каалоосу боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана зарыл болгон учурда өнүгүүсүнүн бузулууларын коррекциялоону жана бул адамдардын социалдык адаптацияланышына мүмкүнчүлүк берүүсү керек.

29. Окуу процессин кадрдык жактан камсыздоо.

Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана илимий-методикалык иш менен алектенген, медициналык атайын орто жана жогорку окуу жайларын бүткөн, педагогика жана психология курсун окуган жана атайын көрүүсү боюнча майыптарга сабак берүү методикалары менен иштей алган тажрыйбасы бар педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Профессионалдык циклдын мугалимдеринин сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык тажрыйбасы бар өндүрүштүк кызматкерлер эске алынат.

30. Окуу процессин окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздоо.

Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Окуу материалдары катары аудио китептер, аудио лекциялардын жыйнагы, Брайл системасындагы китептер, дептерлер жана леция жаздыруу үчүн диктафондор колдонулат. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

31.Окуу процессин материалдык-техникалык камсыздоо.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек (адистиктердин негизги кесиптик билим берүү программасы үчүн маанилүү болгон материалдык-техникалык камсыздоо көрсөтүлөт, мисалы: технологиялык лабораториялар, студиялар, стенддер,фантом, муляж массаждын методикасы жана техникасы боюнча колдонуу үчүн ж.б.у.с.).

Келтирилген контингентке таандык 1 студентке эсептелген аянт - 7кв.м.
32.Бүтүрүү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөрүүнүн тартибин эске алуу менен орто кесиптик билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

060112 медициналык массаж (көрүүсү боюнча майыптардын арасынан) адистиги боюнча КММАнын алдындагы кабинеттердин тизмеси:

1.Тилдерди окутуу кабинеттери (плакаттар жана дубал гезиттер)
2.Кесиптик математика жана информатика (плакаттар жана дубал гезиттер, компьютерлер)
3.Адамдын анатомиясы жалпы патологиянын негиздери менен(плакаттар жана дубал гезиттер,адамдын скелети, муляж жана фантомдор)
4.Адамдын физиологиясы жалпы патологиянын негиздери менен (плакаттар жана дубал гезиттер,адамдын скелети, муляж жана фантомдор)
5.Фармакология (плакаттар жана дубал гезиттер, тайпалар боюнча бөлүнгөн дарылар,)
6.Массаждын методикасы жана техникасы (плакаттар жана дубал гезиттер, кушеткалар, фантомдор)
7.Мээрмандык иштин негиздери (плакаттар жана стендтер,муляждар, фантомдор, танометрлер,көргөзмө куралдар, таануу матералдары)
8.Физиотерапия.ЛФК(плакаттар жана стендтер, кушеткалар,фонтомдор)
9.Дерматовенерология(плакаттар жана дубал гезиттер, муляждар)
10.Терапия(плакаттар жана стендтер,танометр, фанендоскоп, чөнтөк ингалятору,пикфлоуметр)
11.Хирургия (плакаттар жана стендтер,муляждар,фантомдор,көргөзмө куралдар,медициналык бинттер,шиналар,хирургиялык инструменттер, оорулууну асыроого колдонуучу предметтер, кетгуттар, кан агууну токтотуучу жгуттар)
12.Педиатрия (куурчактар, ростомер, баланы ороо үстөлү, жаңы төрөлгөн баланы асыроо учун колдонуучу предметтер, муляждар, фантомдор, көргөзмө куралдар)
13.Паллиативдик жардамдын негиздери (плакаттар жана дубал гезиттер)
14.Кыргызстандын тарыхы (плакаттар жана дубал гезиттер)
15.Манас таануу (плакаттар жана дубал гезиттер)
16.Гигиена жана адамдын экологиясы (плакаттар жана дубал гезиттер)
17.Үй-бүлөлүк медицинадагы мээрмандык иш (плакаттар жана дубал гезиттер)
Спорт комплекси

-Спорт залы, ачык стадион
-Китепкана: Интернетке кошулган окуу залы, электрондук китепкана, конференц-зал.
1-медициналык пункт
1-ашкана
И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын окуу- тренажердук борбору.
Бардык клиникалык адистиктер боюнча.
Акушердик –гинекологиялык: гинекологиялык кресло, ширма, кушетка, фантомдор, муляждар, акушердик жамбаш сөөктөрдүн муляжы, акушердик куурчактар, акушердик стетаскоп, жамбаш сөөктү өлчөгүч, сантиметрдик лента, карнцанг, аборцанг, штатив, акушердин атайын формасы.
Педиатрия: куурчактар, ростомер, баланы ороо үстөлү, жаны төрөлгөн баланы асыроо үчүн колдонуучу предметтер, муляждар, фантомдор, көргөзмө куралдар.
Терапия: танометр, фанендоскоп, чөнтөк ингалятору, пикфлоуметр,медициналык тараза, растомер, глюкомер, медициналык кушеткалар.
Хирургия: муляждар, фантомдор,медициналык кушеткалар, медициналык бинттер, шиналар, хирургиялык инструменттер, оорулууну асыроого колдонуучу предметтер, кетгуттар ,кан агууну токтотуучу жгуттар, кандын тобун группасын аныктоо үчүн жыйын.

Мээрмандык иштин негиздери: плакаттар жана дубал гезиттер, муляждар, фантомдор, ар түрдүү манипуляцияларды жасоо үчүн жабдыктар, дарыгерге чейинки медициналык жардам көргөзүү үчүн колдонуучу инструменттер, медициналык таануу матералдары, жөнөкөй физиопроцедураларды жасоо үчүн жыйын, медициналык кушеткалар, лабораториялык изилдөөлөргө колдонуулучу предметтер.

**Тиркеме №2**

# БОЛЖОЛДУУ ОКУУ ПЛАНЫ

**Орто кесиптик билимдин негизги бөлүмү**
**Адистиги: 060112 медициналык массаж**
**Квалификация – массаж боюнча медициналык айым (мырза)**
**(көрүүсү боюнча майыптардын арасынан)**
**Окуу формасы – күндүзгү**
**Ченемдик окуу мөөнөтү - 1ж., 10 ай жалпы орто билим берүүнүн базасында**

| № п/п | Сабактардын аталышы жана студенттин окуу иштеринин түрлөрү | Жалпы эмгек мазмуну | | | Сабактарды семестрлерге карата болжолдуу бөлүштүрүү | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кредит | сааттар | 1сем 15-18 | 2сем 15-18 | 3сем 12-18 | 4сем 9-18 |
| | | | | | | | |
| **1-блок** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүм** | **15** | **450** | | | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **БАРДЫГЫ** | **18** | **540** | | | | |
| | | | | | | | |
| | **Математикалык жана жалпы табигый илимий дисциплиналар цикли** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **2** | **60** | | | | |
| | **БАРДЫГЫ** | **6** | **180** | | | | |
| | | | | | | | |
| | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | **БАРДЫГЫ** | **99** | **2970** | | | | |
| | **Дене тарбия (теориялык окуунун убагында жумасына 2сааттан)*** | | | | | | |
| **2-блок** | **Практика (окуу, өндүрүштүк) **** | **15** | **450** | | | | |
| **3-блок** | **Жалпы мамлекеттик аттестация***** | **6** | **180** | | | | |
| | **Жыйынтык (кредит боюнча)** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |